3. Диагностика школьной дезадаптации. Под ред. С.А. Беличева, И.А. Коробейникова. Научно-методическое пособие для школьных психологов. М.: Редакционно-издательский центр "Социальное здоровье России", 1993 –127 с.
4. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы: окуу куралы. – Б.: 1999. – 256 б.
5. Лусканова Н.Г. Оценка школьной мотивации учащихся начальных классов. – //Школьный психолог, № 9, 2001 – 8-9 с.
6. Качкын уулу А. Кенже мектеп курактагы балдардын интеллектуалдык-чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү // Кыргыз билим берүү Академиясынын кабарлары – Б.: №3(58), 2022 – 59-65-бб.
7. Практическая психодиагностика. Под ред. Райгородского. – С.: изд. дом " БАХ РАХ", 1998 – 669 с.
8. Собчик Л.Н. Психодиагностика: методы и методология. Ростов Н/Д: "Феникс", 1999 – 576 с.
9. Сомько А., Каффива Ю. Введение в школьную жизнь. Программа адаптационных занятий для первоклассников. - // Школьный психолог. Приложение к газете. Первое сентября. – 1999, № 2 – 8-9 с.
10. Ульянова Т.Л. Школьная дезадаптация и связанные с ней трудности в общении. - //Начальная школа № 7, 1996,– 14-16 с.

УДК 398.5.087.6
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-252-258

**Мукамбетова А.С., Сураналиева К. К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Мукамбетова А.С., Сураналиева К.К.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Mukambetova A.C., Suranalieva K.K.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

SPIN-код: 8995-3584 [1]
ORCID: 0009-0007-3618-4322, SPIN-код: 2606-1556 [2]

# АДИСТЕШТИРҮҮЧҮ ДИСЦИПЛИНАЛАР ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИНТЕГРАЦИЯЛАНЫШЫ ИНТЕГРАЦИЯ ПРОФИЛЬНЫХ ДИСЦИПЛИН И ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ НА ГОСУДАРСТВЕННОМ ЯЗЫКЕINTEGRATION OF SPECIALIZED DISCIPLINES AND PROFESSIONAL EDUCATION IN THE STATE LANGUAGE

**Аннотация:** Макалада Кыргызстан кесиптик билим берүүдө жарандык коомдун кызыкчылыктарын канаатандыруу максатында бир катар өлкөлөр менен , билим берүү жаатында тажрыйбаларын андаштырып жаткандыгы жана өнүгүү багытын көздөгөн кыргыз өлкөсү үчүн мындай иштердин аткарылышы жөнүндө сөз болмокчу. Ошондуктан окутуунун мазмуну өлкөгө кандай инновациялык түшүнүктөрдү алып келгени, кесиптик билим алган

жарандар эмне утушка ээ болуп, өздөштүргөн билимин өлкөдөгө кайсы тармакты жаңылоого жумшаганы кызыгууну жаратпай койбойт.

**Аннотация:** В статье речь пойдет о том , что Кыргызстан в целях удовлетворения интересов гражданского общества в области профессионального образования проводит обмен опытом в области образования с рядом стран и осуществляет такую работу для Кыргызстана, направленную на развитие. Поэтому содержание обучения не перестает вызывать интерес к тому, какие инновационные концепции привнесли в страну, что выиграли граждане, получившие профессиональное образование, и какие области знаний они вложили в инновации в стране.

**Abstract:** The article will focus on the fact that Kyrgyzstan, in order to meet the interests of civil society in the field of professional education, exchanges experience in the field of education with a number of countries and carries out such work for Kyrgyzstan aimed at development. That is why, the content of the teaching does not stop to arouse interest in what innovative concepts have brought to the country, what citizens have won who have received professional education, and what areas of knowledge they have invested in innovation in the country.

**Негизги сөздөр:** интеграция, инновация, конкуренция, кредиттик технология, компетенция, жарандык коом, тажрыйба, адистик билим ж.б.

**Ключевые слова:** интеграция, инновации, конкуренция, кредитные технологии, компетенции, гражданское общество, опыт, специальное образование и т. д.

**Keywords:** integration, innovations, competition, credit technologies, competencies, civil society, experience, special education, etc.

Дүйнө жүзүндө болуп жаткан билим берүүнүн интеграциясы Кыргызстанды өз кучагына алды. Билим берүүнүн сапаты боюнча көзгө даана көрүнгөн иш жасап жибербесе да Кыргызстан кесиптик билим берүүдө жарандык коомдун кызыкчылыктарын канаатандыруу максатында бир катар өлкөлөр менен студент алмашып, алардын билим берүү тажрыйбаларын аңдаштырып жатканын окуу жайдын өздүк сайттарынан билүүгө болот. Өнүгүү багытын көздөгөн кыргыз өлкөсү үчүн мындай иштердин аткарылышы мактоого арзыйт. Бирок анын мазмуну өлкөгө кандай инновациялык түшүнүктөрдү алып келгени, андай шарттан пайдаланып, кесиптик билим алган жарандар эмне утушка ээ болуп, өздөштүргөн билимин өлкөдөгө кайсы тармакты жаңылоого жумшаганы кызыгууну жаратпай койбойт. Ырас жеке жаран үчүн сапаттуу кесиптик билим жетиштүү жашоонун негизи болсо, мамлекеттик деңгээлден алганда кесиптик билимдин туура берилиши элдин турмуш-тиричилигин оңдоонун негизги жолу болуп берет. Экинчи жагы, кайсы өлкөдөн алынган кесиптик билим кыргыз турмушуна керектүүлүгүн бүтүп келген жарандардын элине кылган кызматынан көрүүгө болот. Бул - жарандык коомдо билимди баалоонун негизги критерийи.

Тездик менен өзгөргөн замандын кызыкчылыгы күн өткөн сайын жаңыланып, ар бир өлкө адам баласынын акылынан табылган жаңылыктарды өндүрүшкө киргизип, пенде турмушун жеңилдетүүнүн ык-шарттарын ойлоп таап жаткан маалда билим берүүнүн миссиясы аны өздөштүрүү аркылуу кийинки муунга бакубат жашоо калтырууну көздөйт. Бул көптөгөн мамлекеттерди интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү боюнча атаандашуучулукка алып келди. Бир замандарда ар ким өз колунан жаралган буюмду базарга товар катары алып чыккан болсо, акыркы кылымдардагы илим-билимдин жетишкендиги ошол эле базарга акыл-эстин табылгасын – жаңы технологияларды, инновацияланган түшүнүктөрдү,

сенсордук башкаруудагы аппараттар менен робботторду чыгарып, жакшы жашоону түзө алганы боюнча атаандашууга өттүт. Башкалардан кем болбой жашоо Кыргызстандык жарандардын ар биринин кыялында бар. Алгач кыргыздар адамдын акыл-эси жасаган андай буюм-тайымдарды ташып келип үйүнө коюп алууну кааласа, кийинки мезгилдерде өздөрү жасап, коңшу мамлекеттердин рыногуна чыгаруу аракетин көрүп жатышат. Ошондой эле "кыргыз базары" атыккан бу жерден тиги жерге ташып, соода кылган чейрек кылымдык жашоонун күн сайын алсырашы эл аралык конкуренцияга туруштук берүүгө билим керектигин көрсөттү.

Ал билим окуу процессин жаңыга (кредиттик технологияга) которуу жолу менен ишке аша турганын дүйнөлүк билим берүүнүн практикасы көрсөткөндөн кийин эски совет өлкөлөрүндөй эле Кыргызстан жаңы муундагы мамлекеттик стандарттарды кабыл алды. Бул баары ойдогудай болуп кетпеген кыргыз жергесиндеги кесиптик берүүдө эмне жетишпей жүргөнүн ачыкка чыгарды. Элдин турмушунун жакшыруусуна өбөлгө түзгөн бул стандарттар менен иш жүргүзүү билим берүүнү инновациялоо менен чектелбестен, кесиптик билим алууга болгон жарандык философияны да өзгөрттү, б. а. жогору жактан аныкталып, кааласаң да, каалабасаң да ушуну окуйсуң деген авторитардык көз караштты жоюп, аны керектөөчүнүн адистикке койгон талаптарын жөнгө салуучу кубулуштарды "компетенция" деген түшүнүк менен аныктады. Ал окутуудан алынчу натыйжаны ошол кесипке эгедер жарандын эмгек рыногунда кардардын ишин сапаттуу аткаруучу процессте проблеманы чечүү деңгээлинен баалай турган кырдаалга жеткирди. Мунун өзү кесиптик билим берүү теория катары иштелип чыккан маалыматтардан турбастан, ошол кесип жөнгө салчу турмуштук-социалдык муктаждыкты канааттандыруучу иш-билги жөндөмдөрдү (компетенцияны) калыптандыруудан көрүнөөрүн окуу жайларга түшүндүрө баштады. Аны өнүккөн өлкөлөрдүн мисалында көрсөтүп, дүйнөлүк экономиканы кармап турууга жеткирген мындай кесиптик билим берүүнүн жетишкен ийгиликтерин кыргыз жергесине колдонуунун педагогикалык усулдардын, окутуунун ык-формаларын жана инновациялык технологияларды даяр түрүндө (макети менен) сунуштады. Окутуу концепциясы даяр түрүндө алынгандан кийин жергиликтүү элдин кесипке болгон кызыкчылыктар менен шайкеш келтирүүнү бир катар кыйынчылыктары бар ар бир окуу жайга көрсөтүү менен окутуу процессинде билим алууга келген ар бир жарандык керектөөсүнө кызмат кылуу адистештирүүнүн миссиясы экенин аныктады. Миссиянын сапаттуу ишке ашуусу окуу жайдын эмгек жамааты "сатыкка койгон" рынок шартына ыңгайлашкан билимге көз каранды болушу кесиптик билим алууга келген жарандын керектөөсүн канчалык каанааттандырып, ал жумуш берүүчүнүн кызматын талап кылган деңгээлинде аткарышы менен өлчөнүп жатат. Демек, окуу жай белгилүү кесипке ээ болоюн деп келген жаранды кесипкөй адистин форматында таанып, ушул дисциплиналарды окуса эмгек рыногунда конкуренцияга туруштук берген адис болот дечү окуу планын негизинде окутуп-тарбиялоо милдетин алат. Анын жолго коюлушуна ар бир окуу жай кылган иштерин коомчулукка жарыялоо аркылуу (пияр иретинде) жооп берип жатышат.

Азыркы учурда өздөрүнүн жасаган жумуштарын сайтына жайгаштырып, белгилүү жерде иштеген бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанып, эл аралык долбоор аркылуу чет өлкөдө окуусун уланткан студенттерин жар салуу көпчүлүк окуу жайлар үчүн салттуу көрүнүш болуп калды. Бир жагынан бул деле туурадыр, бирок ошол окуу жайлар өздөрү жарыялаган "кызмат көрсөтүүлөрү" Кыргызстандын бардык жарандарынын кесипке болгон муктаждыгын канчалык деңгээлде аткарганына толук жооп бербейт. Буга Кыргызстандык

жаштардын улам жыл өткөн сайын окууга болгон кызыкчылыгынын азайышы мисал болуп берет. Салыштырмалуу алсак, бир мезгилде миңдеп окууга тапшыруучу абитуриенттер азыр жок, тескерисинче окуу жайдын эмгек коллективи жер кыдырып, кесип тандоого кызмат көрсөтүү иштерин кылып, кыялында эңсеген сандын көрсөткүчүн камсыздай албай келет. Себеби эмнеде, кырынан коюлган бул суроого өлкөдөгү окуу жайлардын аткарган жумуштарын салыштырып так жооп берүү кыйын, бирок алар сайттарына жайгаштырган маалыматтарын аккредитациянын талаптарына ылайыктап жооп берүүгө болот. Окуу жайдын кайсынысын албайлы сайтта жайгашкан маалыматтардын көбү орус тилинде экенин көрөбүз, мунун өзү айылдан баштапкы билимди кыргызча алган жарандар үчүн маалыматтын жеткиликтүү эместигин ырастайт. Салыштыруу иретинде мурда СССРдин курамында болгон өлкөлөрдүн ушундай эле окуу жайларын жарыя кылган сайттарын караганда маалыматтын жергиликтүү жарандарга түшүнүктүү болушу үчүн өздөрүнүн мамлекеттик тилинде бергенин көрөбүз. Алардын мындай аракети окуу жайлардын өзүнүн көп улуттуу калкына сапаттуу кесиптик билим берүү саясатын колдоп, республиканын ушул багыттагы миссиясын жетекчиликке алган жана жергиликтүү шартта керектелүүчү адистиктерге тиешелүү билим берүүнү инсанга багыттап окутууга бурганын айкындап турат. Адистик билимдин уюштурууну баалаган аккредитацияда деле ал негизги орундардын бирин ээлеген, б. а. кесиптик билим берүүнү кызмат көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын колдонуу менен турмуштук керектөөдө түзүлгөн проблемаларды сапаттуу чечүү болсо, жарандын көйгөйдү терең түшүнүүсүн жана жеке жетишкендерин камсыздоо багытында жергиликтүү шарттагы проблемаларды студенттердин устаттарынын жетекчилигинде изилдөөнү (3.4.3. пункту) жүргүзүүгө чакырат. Маселе жалпы болгону менен анын ар бир аймакка мүнөздүү өзгөчөлүгү бар экенин эсепке алсак, аны аралык тилде эмес, жергиликтүү элге түшүнүктүү тилде үйрөтүү иштин майнаптуу аткарылышына толук жооп берүүгө жол ачат. Көпчүлүк өлкөлөр муну бир нече кылым мурда эле түшүнгөн болсо, биздикилер муну дагы эле сезе элек.

Азыр дүйнөлүк билим берүүнүн деңгээлине чыгуу аракетин көрүп жаткан маалда мындай суроонун коюлушу туура эместей сезилет. Бирок кандай билим болбосун жергиликтүү элдин кызыкчылыгын көздөө менен ал жердеги жашоо-турмушту жакшыртууга кызмат кылышы керектигин эске алганда, ал жарандардын баарына бирдей жетиш үчүн түшүнүктүү тилде болуп, кесиптин ээсинен тышкары өлкөнүн кайсы атуулу болбосун өз алдынча тааныша алуусуна мүмкүндүк түзүүчү түшүнүктөр менен берилишин да кесиптик билим берүү өз мойнуна алышы зарыл. Анткени коомчулукка сунушталган билим эмгек рыногунда товар катары кардардын муктаждыгын аткарып, түрдүү социалдык чөйрөдө кызмат көрсөтүүдөн имиджге ээ болгондуктан, кийинки муундун ал кесипти жактыруусун жана адистиктин калк арасында кадыр-барк күтүп “жашап калуусун” да камсыздайт. Муну бизде мындан бир нече жыл мурда эле кадыры ташкындап, баары окугусу келген – юридикалык, экономикалык, ж. б. ушул сыяктуу адистиктердин ордуна компьютер боюнча кызматкерлерге суроо-талаптын жогорулашы айкындайт. Бул жөнөкөй мисал болгону менен жарандык коомдун ага карата керектөөсү жыл сайын жогорулап, анын кыргызча “тилин” талап кыла баштаганы байкалат. Улам жыл өткөн сайын кийинки муундун компьютердик технология болгон көз карандылыгын күчөшү эне тилин билбеген балдардын көбөйүшүнө алып келип, кыргыз коомчулугун кабатыр кылууда. Бүгүнкү күндө аны чечүү жеңил көрүнгөнү менен улуттук билим берүүнүн бардык тармагын кучагына сиңирип бара жаткан

бул проблеманы жоюу Мамлекеттик тил боюнча өлкө саясатын жаңы баскычка көтөрүү маселесин козгоп турат.

Адам баласынын жашоо-турмушун жакшырта турган кесиптерге Кыргызстан муктаж, мындай коомдук керектөөнү канааттандыруу үчүн зарыл болгон адистиктерди, ага тиешелүү маалыматтарды дүйнөлүк билим системасынан алаары талашсыз. Мындай кабыл алуунун эки жолу бар экендиги баарыга белгилүү. Алардын биринчиси - өнүккөн өлкөлөрдө ийгиликке жетүүнүн жолу катары өзүн көрсөтө алган билим берүү системасын инновациялоочу жол катары даяр түрүндө көчүрүп келүү болсо, экинчиси - инсандын керектөөсүн канчалык деңгээлде канааттандырышы мүмкүн экендигин жергиликтүү турмуш шартка карай аныктап, турмуштун ыргагына жараша модернизациялоонун зарылдыгы катары билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү менен кабылдайт. Бизде азыр биринчи жол активдүү иштеп жатат. Баарын даяр түрүндө алганыбыздан улам окуу стандарттары менен окуу пландары эл аралык талаптарга жооп берет, мында талаш жок. Бирок анын кыргыз мамлекетинин улуттук кызыкчылыгын канчалык аткарып жатканына келгенде өтө татаал маселелерди ачыкка чыгарат. Ырас, даяр түрүндө алуу учурда окутуу иштерине жеңилдик түзгөнү менен мындан чейрек же жарым кылымдан кийинки улуттун тагдырын ойлогондо Мамлекеттик тили жок көз алдыга элестейт. Ошондуктан кеч болуп кала электе кесиптик билим берүүдөгү жарандарды адистештирүүчү сабактардын кыргыз тилинде пайдалануу кесиптик лексикасын түзүү зарылдыгы турат.

Муну ким жасайт дегендер чыгышы мүмкүн, анын эки жолу бар, бири түздөн-түз окуу процессине тиешелүү. Тактап айтканда, жаңы муундагы стандарттар кыргыз балдарын окуу процессине жөн гана катышуучу кылбастан, практикалык жактан турмуш менен тыгыз байланышта турган кесиптик билим алууда тикелей кызмат көрсөтүүчү көндүмдөргө (компетенция) ээ болушун, ал көндүмдөр аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз жеринде жайылтуу мүмкүнчүлүгүн арттырууга кам көрүп жатат. Даярды кабыл алганда көнүп калган кыргыз коомчулугу зарыл болгон маселелерди өз алдынча чечүүгө аракеттенбестен, башкаларда иштелген окуу материалдары аркылуу окуу процессин жабдып кырдаалдан чыкканы менен жергиликтүү тилде эркин баарлашуга, айрым иш-тажрыйбасынан жаралган байкоолорун илимий түшүнүктөрдүн коштоосунда элеттик жарандарга түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап барат. Ага себеп окуу жайларда кесиптик билим берүүнүн туура эмес уюштурулушу болуп саналат, б. а. көпчүлүк окуу жайдын профессор-окутуучулары мамлекеттик тил саясатынын кызыкчылыгында турган инсанга багыттап окутуу концепциясын жетекчиликке албай, окутуунун жеңил формасы орус тилин тандаганында турат. Окутуунун технологиясын жаңылоо, окуу предметтери азыркы учурдун талабына ылайык келтирүү маселелеринде орус тилинин мүмкүнчүлүгү чоң, анткени интернет булактарында окуучу, же студенттердин бардык муктаждыктарына кызмат кыла тургандай кесиптик лексика иштелип чыккан. Аны эч өзгөртүүсүз окуу процессине колдонууга окуу жай жол бергендиктен, өз алдынча изденүүнү каалабаганга мындай түйшүктү жеңилдеткен иштөө ыкмасы инсанга багыттап окутуу концепциясын көлөкөгө калтырат.

Үстүртөн караганда мунун анча деле мааниси жоктой сезилет, бирок проблеманын ушул багытка кеткен чейрек кылымдан кийинки абалды элестеттенкенде жүрөк ооруйт. Аны азыр өлкөдө жүрүп жаткан өзгөрүүлөр менен өлчөгөндө кандай кырдаал болоору көз алдыга даана тартылат. Бул бүгүнкү күндө расмий жерде кыргызча сүйлөөгө кудурети жетпей бара жаткан муундун балдары эне тилинде өз оюн билдирмек турсун таптакыр сүйлөбөй

калаарын түшүндүрөт. Өз кызыкчылыктарын так ажырата албаган кыргыз жарандары келечекте ушундай жашоо балдарын күтүп турганын элестеткенде гана эртеңки күндүн тагдырын бүгүн ойлоосу маанилүү. Ал азыр кесиптик билим алып адистешип жаткан муундун колунда элдин бир нече кылымдык керектөөсү турганын, анын ичинде кыргыздардын эне тилинин тагдыры бар экенин элестетүү керек. Ошондуктан учурда түзүлгөн билим берүүдө түзүлгөн кыйынчылыктарды – силлабустар менен окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгууда кыргыз тилинин ролун көтөрүүгө, кайсы кесипте болбосун адис оюн кыргызча түшүндүрө алуусу үчүн кесиптик лексиканы биргелешип иштеп чыгууга, келечек муундун илимий базасын (орус тилине көз каранды кылбай) түзүп, аны менен курстук жана дипломдук, магистрдик жана кандидаттык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө бардык кыргыз окумуштуулары Мамлекеттик тилди сактап калуу үчүн биригиши зарыл. Ал баарыбыз бир отуруп бүтүрө койчу жумуш эместигин эгемендүүлүктөн кийинки катаал жылдар көрсөттү. Аны эл аралык конкуренцияга туруштук бере тургандай иштеп чыкпаса, элдин коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыра албай четте калышы мүмкүн. Кыргыз элинин алдында жарандык милдети бардыгын түшүнгөн ар бир Кыргызстандык профессор-окутуучулар аккредитацияга даярданган маалда өз кесибинде колдонуучу термин-түшүнүктөрдү кыргыз тилине которуп (жарандык милдетин жогору сезсе “Википедияга” кыргызча жайгаштырып), аны инсанга багыттап окутуу концепциясын ишке ашыруу максатында аткарылчу жумуштардын алкагында эл аралык илимий терминдерди (азыр илимдин өнүгүшү менен мындай көрүнүш бардык тармакта бар) элдин оозеки жана жазуу кептик керектөөсүн жүргүзүүчү каражат катарында сүйлөө, текст түзүү ык-эрежелеринде автордук ишмердүүлүгүн камсыздоо зарылдыгы турат. Бул кесиптик билим берүү иштерин жөнгө салууда гана маанирүү болбостон, өз адистиги боюнча илимдин практика менен байланышын Мамлекеттик тилде түптөп, эл аралык антиплагиатка каршы туруу мүмкүнчүлүгүн жаратмак.

Азыр окуу жайларда кыргыз тилине окуган группалар жок, анын себебин сурай келгенде окуу жайдын жетекчилери так жооп бере алышпайт. Өзгөчө мындай мамиле кыргыз жаранынын кесипке болгон кызыкчылыгын аткарууда инсанга багыттап окутуу принциптерине каршы келип, аккредитациялоо учурунда жарандык укуктун тебеленип жатканын да ырастайт. Аккредитациялык иштерди өткөрүп жаткан көз карандысыз уюмдар өздөрү аткарып жаткан маалда көңүл бурушпаганы менен мамлекеттик жободо көрсөтүлгөн “студенттер тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүгү” (4.2.3. пункту) боюнча талаш чыккан жооп бериши керек болот. Демек кесиптик билим берүүдө окутууну инновациялоо предметтик маалымат берүүнү гана көздөбөстөн, эффективдүү пикирлешүүнү аткарууга тийиш. Мында келечекте белгилүү бир кесиптин ээси болгон студент (бүтүрүүчү) эрежелерди орус тилинде жөн эле кайталап коюуну эмес, ошол алган билими аркылуу Мамлекеттик тилде так жана таасирдүү сүйлөөсүнө жетишүү да болуп саналат. Анда реалдуу турмушта кездешип жаткан ар кандай кырдаалда туура сүйлөөгө, маданияттуу маектешүүгө зарыл болгон көндүмдөрдү кесиптин спецификалык өзгөчөлүгүнө ылайык эл түшүнгөн сөз менен сүйлөм жана текст куруу ишмердүүлүгүн адистештирүүчү предметтердин мазмуну аркылуу калыптанышын (компетенцияга ээ болушун) аныктайт. Бул болсо адистештирүүчү предметтердин мазмунун Мамлекеттик тилдин лексикалык базасында интеграциялоо керектигин көрсөтөт. Ал эми анын аткарылышы жарандык коомдун активдүүлүгү менен окумуштуу-окутуучулардын адистик жоопкерчилигине жараша болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Осмонкулов А., Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Типтүү программа. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин окутуучулары, студенттери жана орто мектептин мугалимдери үчүн. – Б.: 2008, 3-бет
2. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: Изденүүлөр жана табылгалар.- Фрунзе, 1989. – 107 б.
3. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдүү методу. - Бишкек, 2004, - 24 б.
4. Баяндина С.Ж. Функции языка в контексте современной лингвистической парадигме: Автореф. дис. док .фил. наук. 10.02.19. - Алматы, 2005.
5. Бекбоев И.Б., Ким.В.Л. Памятка автору школьного учебника КИО, 1999. – 16 б.
6. Бекбоев И. Жаңы муундагы келечек мектептин базалык мүнөздөмөлөрү. // Эл агартуу, 1999, №3-4. – 3-15-беттер
7. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? // Кут билим, 2002, 11-декабрь

УДК: 821.512.155.
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-258-262

**Сураналиева К.К., Кудайбергенова З.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Сураналиева К.К., Кудайбергенова З. С.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Suranalieva K.K., Kudaibergenova Z.S.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0007-3618-4322, SPIN-код: 2606-1556 [1]
ORCID: 0009-0006-9419-1558, SPIN-код: 3353-4595 [2]

# МУГАЛИМДИК КЕСИПТИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ
# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРОФЕССИИ
# SOME PROBLEMS OF THE TEACHING PROFESSION

**Аннотация:** Макалада азыркы учурдагы мугалимдик кесиптин айрым маселелери каралды. Учурдун эң көйгөйлүү маслелеринин бири бала бакчадан баштап жогорку класстагы окуучула интернет менен олтурушуп, окуу китептерине көп карабай калышы болуп калды. Мындан тышкары дүйнөдөгү миграция дагы мектеп окуучуларына терс таасирлерин тийгизүүдө. Мындай учурда мугалимдин окутуу мотвациясы күчтүү, компетенциясы кеңири жана заманбап талаптарга ылайык квалификацияларга ээ болушу зарыл. Макала азыркы учурда келечек муундарга татыктуу билим берүүчү жана гумандуу тарбияны камсыздоочу мугалимдерди даярдоо кечиктирилгис актуалдуу маселелерден экендиги жана колдоо иштери зарыл экендиги баса белгиленди.